JFPR 9052: “Борбордук Азия жана Монголияда тамак-аш азыктарын туруктуу фортификациялоо” долбоору
www.caffproject.net

# ТАТЫМДУУ ТАМАК АШ

# Кыргыз Республикасындагы жаңылыктар

healthy food
татымдуу
тамак аш

Маалымат бюллетени №1 Январь-июнь 2006

## Улуттун саламаттыгын жакшыртуу үчүн



КР Саламаттык сактоо министри, JFPR 9052 Аткаруу агенттигинин директору Шайлообек Ниязов

Темир жетишсиздигинин анемиясы жана йод жетишсиздигинен келип чыккан оору кесепеттери республикабыздын калкында, айрыкча, балдар менен аялдар арасында кыйла кеңири таралгандыктан, Саламаттык сактоо министрлигинин ишмердүүлүгүнүн башкы багыттарына кирет. Бул кесепеттүү көрүнүштүн улуттук деңгээлде жайылып кетишин төмөндөтүү жана алдын-алуу боюнча кечиктиргис чараларды көрүү абдан зарыл. Маселени чечүүнүн белгилүү жолдорунун бири болуп: тамак-аш азыктарын, негизинен унду – темир жана витаминдер, тузду – йод менен байытуу эсептелет. Чет өлкөлүк окумуштуулар жана эл аралык уюмдар жүргүзгөн изилдөөлөр бул алдын-алуу ыкмасы жогору кайтарымдуу, микроэлементтик өксүктөрдү толуктоонун башка жолдоруна караганда арзан аткарып, ден соолукка эч зыяны болбостон, калктын калың катмарына жетимдүү экенин ырастоодо. Азыр жакырчылыкты кыскартуунун Япон фонду көмөктөшкөн Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ) долбоорунун көзөмөлү аркасында Кыргызстандын бардык аймагында унду байытуу максатын көздөгөн программа жүзөгө ашырылып жатат. Унду байытуучу жаңы жабдуулар сатып алынып, орнотулду. Казак академиясы тарабынан курамына темир, цинк жана В тобундагы витаминдер ($B_1$ тиамини, $B_2$ рибофлавини, $B_c$ фолий кислотасы) кирген уникалдуу минерал-витамин кошулмасы иштелип чыкты. АӨБ менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн биргелешкен күч-аракети байытылган унду кадыресе эле ундун баасында сатууга багытталууда. Биргелешкен, өз ара түшүнүшкөн кызматташтык гана алдыдагы жалпы максатты чечүүгө – калкыбыздын саламаттыгын жакшыртууга жол ачат.

## Күрөштүн мыкты жолу – бул алдын алуу



Азия Өнүктүрүү банкынын JFPR 9052 Кыргызстан “Борбордук Азия жана Монголияда тамак-аш азыктарын туруктуу фортификациялоо” долбоорунун координатору Артур Буюклянов

Бүгүнкү күндө кыргызстандыктардын жарымынан көбү же темир жетишсиздигинин кесепетинен, же йод жетишсиздигинин бузулууларынан азап чегишет. Саламаттык сактоо министрилигинин маалыматы боюнча, азыр жүз миңден ашык адам анемия менен ооруйт, бул сан жылдан жылга өсүп жатат. Эл аралык эксперттердин болжолдуу тыянагына таянсак, республикадагы эки жарым миллион аялдын бир жарым миллиондон көбүреөгү темирдин жетишсиздигинен запкы көрүшүп, ал өз кезегинде кош бойлуулук жана төрөт учурундагы оор, ар кандай татаалдашуу менен коштолгон терс натыйжаларга алып келүүдө. Темир жетишсиздигин жана анемия балдардын жана аялдардын өлүмү менен тыгыз байланышкан. Эң коркунучтуусу, ар бир төртүнчү ооруган адам – бул бала. Анын ооруга чалдыгышы акыл-эсин өксүтүп, дене-бой өсүүнүн жайлатып коюшу мүмкүн. Эксперттер мындай көрүнүш Кыргызстан үчүн чоң жоготууларга дуушар кылуучу олуттуу коркунуч деп эсептейт. Йод жана темир жетишсиздиги бардардын акыл-эс жагынан өсүшүнө, билим алуусуна терс таасир этип, жакынкы келечекте эле ал бүткүл улуунун интелект өксүктүгү катары көрүнө турганы факт. Муну менен күрөшүүдө Азия Өнүктүрүү банкы жардам берип, жакырчылыкты азайтуу боюнча Япон фондунун каражатына “Борбордук Азия жана Монголияда тамак-аш азыктарын туруктуу фортификациялоо” долбоорун ийгиликтүү жүзөгө ашырып жатат. Биздин долбоордун башкы максаты – байытылган тамак-аш азыктарын колдонуу аркылуу йод жетишсиздигинин ооруларын жана темир жетишсиздигинин анемиясын алдын-алуу ыкмаларын үйрөтүүгө көмөктөшүү. Алдын-алуу ишинин бир нече стратегиясы бар: тамак-аштын жакшыртуу, дары-дармек терапиясы жана тамак-азыктарын фортификациялоо, б.а. зарыл элементтер менен байытуу. Биз дал ушул акыркы стратегияны тандап алдык. Бул көп өлкөлөрдө, алардын ичинде өнүккөн өлкөлөрдө колдонулуп жаткан абдан натыйжалуу жол. Ушундан улам, биздин милдеттерибиз: рынокту йоддолгон туз жана минерал-витаминдүү ун менен камсыз кылуу талаптары келип чыгат. Анан, албетте, кыргызстандыктарга билим таратып, организмде йод жана темир жетишсиздиги кандай кесепеттерге алып келе турганын, андан кантип арылуунун жолдорун түшүндүрүп жатабыз. Биз кызыкдар болгон бардык уюмдарды, ведомстволорду, коомчулукту, өкмөттүк эмес уюмдарды жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн йод жетишсиздигинин ооруларын жана темир жетишсиздигинин анемиясын алдын-алууда калкка жардам көрсөтүү үчүн кызматташып иштөөгө чакырабыз.

## Бул санда:

Республиканын калкын йоддолгон туз менен камсыз кылуу.............................2
Байытылган ун чыгаруучу ишканалар бирикти...........................................2
Коммуникациялык страртегия боюнча конференция ММК жана коомчулуктун темир жана йод жетишсиздигин алдын-алуу жагынан биргелешкен багытын аныктады.............. 2
Ун тартуучу ишканалар үчүн өткөн семинар жөнүндө маалымат.......................... ...3
Мектеп окуучуларынын акыл-эс жана дене-бой саламаттыгын жакшыртуу үчүн байытылган азык-түлүктөрдү колдонуу..........................................3
“Татымдуу тамак-аш” Логотибин пропагандалоо боюнча “Хедеф” ишканасынын демилгеси.......................................3
JFPR 9052 долбоорунун жыл сайын өтүүчү Бишкектеги баа берүүчү семинары жөнүндө маалымат.......................................3
Ысыккөл областында тест-өнөктүк аяктады...........................................3
Балдарды келечеги үчүн.................................................4
“Спринклз” анемиясы менен күрөшүүнүн жаңы стратегиясы................................ 4
ЮНИСЕФ программаларды аткаруунун натыйжалуулугун далилдеди.......................................4

## Республиканын калкын йоддолгон туз менен камсыз кылуу



Туз чыгаруучулардын Кыргыз Ассоциациясынын президенти Сарпек Эшалиев

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында калкты сапаттуу, йоддолгон туз менен камсыз кылып жаткан 14 туз иштетүүчү ишкана катталган.Калкты йоддолгон туз менен жабдуу боюнча кырдаал төмөнкүдөй: түштүктөгү эки область (Ош, Жалалабат) Оштогу “Кудаяров” ишканасынын эсебинен камсыз болот. Баткен областына арзан туз Тажикстандан келет, областтын губернатору менен жергиликтүү ишкана куруу жөнүндө сүйлөшүүлөр болду. Натыйжада, анын кирешесиздигинен улам, курулуштан баш тартуу жагы чечилди. Республиканын түндүк аймагын (Ысыккөл, Нарын, Чүй обл.) Бишкектеги туз чыгаруучулар тейлейт. Талас областына “Ковсар” ишканасы берет. Мындан тышкары, республикага йоддолгон туз Россия менен Казакстандан келет. Бүгүнк у күндө туз чыгаруучулардын алдында турган жана өнүктүрүүнү талап кылган маселе – бул йоддолгон туздун сапатын жакшыртып, ишканалардын калий йодатын өз алдынча сатып алуу процессин турукташтырууну камсыз кылуу.

## Байытылган ун чыгарган ишканалар бирикти



Байытылган ун жана дан азыктарын чыгаруучулардын Кыргыз Ассоциациясынын президенти Александр Шефнер.

Байытылган ун жана дан азыктарын чыгаруучулардын Ассоциациясы 2005-жылы 22-декабрда түзүлгөн.Ассоциациянын негизги ишмердүүлүгү фортификациялоону туруктуу өнүктүрүү үчүн байланыштарды чыңдап, ун чыгаруучу ишканалардын күч-аракетин бириктирүүгө, Ассоциация мүчөлөрүнүн кызыкчылык-муктаждыктарын мамлекеттик бийлик органдарында көрсөтүүгө, биргелешкен билим берүүчү иш-чараларды жүргүзүп турууга багытталган. Фортификантты жана тегирмендер үчүн атайын жабдууларды сатып алуу механизмин иштеп чыгуу Ассоциациянын омоктуу ролу болуп саналат. Азыр, жалпысынан алганда, бир катар пилоттук ишканаларда байытылган унду стабилдїї чыгаруу жөнгө салынып, мында байытылган ун чыгаруу көрсөткүчү, байытылган унга салыштырмалуу, орточо 80% га жетти.

| жыл | 2003 | 2004 | 2005 | 1 кв.2006 | 6 ай 2006 |
|---|---|---|---|---|---|
| чыгаруу | 20257 | 31429 | 13513 | 5910 | 7690 |
| план | 71000 | 71000 | 71000 | 71000 | 71000 |
| % | 28,5 | 44,3 | 19,0 | 8,3 | 10,83 |

Байытылган ун чыгаруунун төмөндөшүнө жалпы экономикалык кырдаал жана ишканалардын аз кызыкдар болушу таасир этти. Сырьё базасынын, өндүрүштү өнүктүрүү жана жаңыртуу үчүн айлантуучу каражаттардын жоктугуна, өндүрүштү башкаруунун буйрукчул-командалык ыкмасынан рынок механизмдерине өтүүгө байланыштуу айрым ишканалар өз кубаттуулугунун аз гана бөлүгүн иштетип же таптакыр токтоп калышты. Бул көрүнүш байытылган ун эле эмес, байытылбаган ун чыгаргандарга да таандык. Калктын байытылган (витаминдүү) ундун пайдасы жөнүндө начар маалымат алышы да бул азыкка суроо-талаптын жок болушуна, анан, өз кезегинде , байытылган ун чыгаруунун көлөмүнө таасирин тийгизди

# Семинарлар жана конференциялар

## Коммуникациялык стратегия боюнча конференция ММК жана коомчулуктун йод жетишсиздигинин оорулары менен темир жетишсиздигинин анемиясын алдын-алуу жагынан биргелешкен багытын аныктады

Өлкөдөгү долбоор офиси ЮНИСЕФ менен бирдикте 2006-жылы 27-январда Бишкекте журналисттер, Бишкек шаары, Чүй, Талас, Нарын жана Ысыккөл областтарындагы өкмөттүк эмес уюмдар үчүн йод жетишсиздигинин оорулары жана темир жетишсиздигинин анемиясын алдын-алуу жагынан коммуникациялык стратегия боюнча семинар өткөрдү. Бул семинарды өткөрүүдө Саламаттык сактоо министрлигинин басма сөз борбору жана Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору негизги өнөктөш болду. Анын ишине Казакстандын тамак-аш академиясынын коммуникация боюнча тобу – Салханова Аккумис менен Толысбаева Жанар чакырылды. Республикалык жана областтык ММК журналисттери, ӨЭУ өкүлдөрү, байытылган азык чыгаруучулар, областтык ден соолукту чыңдоо борборлорунун кызматкерлери катышты. Семинарда йод жетишсиздигинин оорулары жана темир жетишсиздигинин анемиясынын проблемалары боюнча кеңири алкактагы маселелер талкууланды. Академик Д.К.Кудаяров журналисттер алдында сүйлөгөн сөзүндө микронутриент жетишсиздигин алдын-алууну чагылдырууда жана маселени алдыга жылдыруудагы массалык маалымат каражаттарынын ролуна токтолду. Республикалык ден соолукту чыңдоо борборунун жетекчиси Г.Т.Айтмурзаева да атуулдук коомдун, өкмөттүк эмес уюмдар жана медициналык коомчулуктун ММК менен тыгыз кызматташуусуна ишенгендигин билдирди. Семинарга журналисттер менен өндүрүшчүлөрдүн катышуусу эки тарапка тең жаш муундардын ден соолугун чыңдоо ишиндеги биргелешкен күч-аракеттердин зарылдыгын жана маанилүүлүгүн сезүүгө мүмкүндүк берди. Семинардын жыйынтыгында анын катышуучулары тарабынан Корутунду чечим кабыл алынды. Семинар өткөн күндөн тартып йод жана темир жетишсиздигинин ооруларын чагылдырып, ММК бетине алып чыгууда журналисттердин активдүүлүгү байкалууда.



**ММК жана ӨЭУ үчүн коммуникациялык стратегия боюнча өткөн Улуттук конференциянын катышуучулары**

2006-жылы 24-мартта Ошто, экинчи тур катары, ММК жана ӨЭУ үчүн коммуникациялык стратегия боюнча областтык конференция өткөрүлдү, ал түштүктөгү үч область – Ош, Жалалабат жана Баткен областтарындагы йод жетишсиздигинин ооруларын жана темир жетишсиздигинин анемиясын алдын-алуу маселесине арналды. Конференцияга шаардык жана областтык ММК журналисттери, областтык ӨЭУ, областтык ден соолукту чыңдоо борборлорунун, жергиликтүү бийлик органдарынын, билим берүү башкармалыктарынын өкүлдөрү, өндүрүшчүлөр, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты .

Ун чыгаруучу ишканалар үчүн 2006-жылы 17-18-мартта Жалалабат шаарында окуу тренинги өтклрүлдү. Семинарга ишканалардын лабораториялык жана техникалык персоналы, СЭС, Стандарттоо жана метрология борборунун кызматкерлери, жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрү, бардыгы 25 адам катышты. Мындай тренингдерди өткөрүүнүн негизги максаты ички жана тышкы көзөмөлдүн адистерин окутуу, байытылган унду туруктуу өндүрүп чыгарууну уюштуруу болуп саналат. Семинардын жүрүшүндө анын катышуучулары аракеттеги ишканаларга барышып, ал жерде химиялык реактивдерди даярдоо жаа темирдин бардыгын текшерген СПОТ-ТЕСТти жүргүзүү, ошондой эле калибр жасоо, б.а. дезаторлорду даярдоо боюнча практикалык окуу өткөрүлдү. Мындан ары башка ишканалардын адистери үчүн да ушундай семинарларды өткөрүү жагы каралды

## Мектеп окуучуларынын акыл-эс жана дене-бой саламаттыгын жакшыртуу үчүн байытылган тамак-аш азыктарын колдонуу

Билим берүү министрлигинин адиси Валентина Горкинанын сөзү боюнча, быйылкы жылы КР Өкмөтү бийик тоолуу жана алыскы жерлерде 562 мектептин башталгыч класстарынын 86463 окуучусуна тамак уюштуруу үчүн 99,7 млн.сом бөлгөн. КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2006-жылдын 25-

январындагы №42/1-буйругуна ылайык, мектептерге атайын иштелип чыккан методикалык окуу куралынын негизинде, йод жетишсиздигинин оорулары жана темир жетишсиздигинин анемиясын алдын-алуу чаралары, жөнүндө окуучулардын, мугалимдер менен ата-энелердин мектеп окуучуларынын сөзсүз түрдө байытылган тамак-аш азыктары: йоддолгон туз жана витаминдїї унду колдонуу зарылдыгы жөнүндө маалымат алуусун жогору көтөрүү жагы милдеттендирилген. Аталган министрлик тарабынан ошондой эле жалпы билим берүүчү мектептердин планына йод жана темир жетишсиздигин алдын-алуу маселелери боюнча сабактарды, класстык сааттар менен ата-энелер жыйындарын өткөрүү сунуш кылынды. Буйрук, мектепке чейинки мекемелерде, балдар үйлөрүндө, мектеп-интернаттарда, жалпы билим берүүчү мектептерде балдардын жана окуучулардын тамактануусун уюштурууда йоддолгон тузду, витамин-минералдуу унду гана пайдаланууну талап кылат. Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору жергиликтүү билим берүү органдары менен бирдикте, туз жана ун чыгаруучу ишканалар менен мындай азыктарды сатып алган окуу мекемелеринин ортосунда өз ара байланышкан иш жүргүзүүнү уюштурат.



Карасуу шаарындагы орто мектептин окуучулары

## Логотибин пропагандалоо боюнча "Хедеф" ишканасынын демилгеси.

Йоддолгон туз чыгарган "Хедеф" ишканасы "Татымдуу тамак-аш" Логотибин пайдалануу жана өз продукциясын таасын, натыйжалуу рекламалоо жагынан байытылган азыктарды чыгарган башка ишканаларга жакшы үлгү көрсөтүүдө. Бул үчүн алар "Татымдуу тамак-аш" Логотибинин сырткы рекламасына Бишкек шаары, шаарга жакын Арча-Бешик, Ак-Өргө, Ак-Босого, Ынтымак, Чоў-Арык, Ала-Тоо, Бакай-Ата аймагынын, ошондой эле Сокулук жана Ысыката райондорунун жергиликтүү транспортун пайдаланышкан. Маршруттук автобустар жүргөн аталган шаарга жакын айылдар менен Чүй областынын райондорунда негизинен сырттан келгендер жашайт, алардын көпчүлүгү аз камсыз болгон жана көп балалуу үй-бүлөлөр. Ишкананын маркетинг бөлүмүнүн жетекчилери, жергиликтүү калк азык-түлүк сатып алганда андагы белгиге көңүл буруп, анын мааниси жөнүндө сурамжылап жатышканын айтышат.



"Хедеф" ишканасынын продукциясы жана Логотиби рекламаланган

## Бишкектеги баа берүүчү семинар

Бишкекте 2006-жылдын 11-12-апрелинде Азия Өнүктүрүү банкынын JFPR 9052 "Борбордук Азия жана Монголияда тамак-аш азыктарын туруктуу фортификациялоо" долбоорунун жүзөгөжүзөгө ашырылышына ар жылдык баа берүү семинары болуп өттү. Ага саламаттык сактоо министрининин орун басары Людмила Васильевна Штейнке, долбоордун региондук координатору Рустам Музафаров, Кыргыз Республикасында Азия Өнүктүрүү банкынын долбоорун жүзөгө ашыруу боюнча кызматкер Асель Чынгышева, эл аралык уюмдардын, кызыкдар болгон министрликтер менен ведомстволордун өкүлдөрү катышты. Семинардын катышуучулары тарабынан Кыргыз Республикасынада долбоордун аткарылышына баа берилип, орун алган проблемалар жана аларды чечүүнүн жолдору талкууланды. Саламаттык сактоо министринин орун басары Людмила Штейнкенин ырастоосу боюнча, Саламаттык сактоо министрлиги микронутриент жетишсиздиги менен күрөшүүдөгү туруктуу системаны түзүү максатында башка министрликтер жана ведомстволор менен өнөктөштүк мамилени калыптоого бардык күч-аракетин жумшап жатат. Туз чыгаруучулар Ассоциациясынын Президенти Сарпек Эшалиев семинардын катышуучуларына республикадагы йоддолгон туз чыгаруунун абалы жөнүндө айтып берди. Калкты йоддолгон туз менен жергиликтүү өндүрүшчүлөрдүн эсебинен камсыз кылуу 85%ды түзөт, а 15%ы импорт. Өз кезегинде, ушундай эле доклад менен байытылган ун чыгаруучулардын Президенти Александр Шефнер чыгып сүйлөдү, ал байытылган ун чыгаруу кыйла татаал экенин бул өлкөдөгү жалпы экономикалык кырдаал, сырьёлук база, өндүрүштү өнүктүрүү жана жаңыртуучу айлантуучу каражаттын жоктугуна байланыштуу болоорлугун белгиледи. Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин адиси Роза Сариеванын пикири боюнча, азыр Өкмөт ири ишканаларга мындан ары байытылган унду тендерге киргизүү менен мамлекеттик резерв берүү маселесин карап жатат. Өндүрүшчүлөрдөн тышкары, семинарда йод жетишсиздигинин оорулары жана темир жетишсиздигинин анемиясы боюнча адистер чыгып сүйлөштү. Ошондой эле семинарга атуулдук коом секторунун өкүлдүрү катышты. Эл аралык социологиялык изилдөөлөр борборунун атынан анын жетекчиси, профессор Кусейин Исаев сүйлөп, эң башкы маселе – бул жакырчылык менен күрөшүү экендигин белгиледи.

# Региондордон кабарлар

## Ысыккөл областында тест-өнөктүк аяктады

од жетишсиздигинин ооруларын алдын-алуу жана йоддолгон тузду көбөйтүү боюнча өнөктүк аяктады, ал 2006-жылы 28-февралдан 30-апрелге чейин Ысыккөл областында болуп өттү. Республикалык ден соолукту чыйдоо борбору эл аралык уюмдар менен бирдикте республиканын региондорунда этап-этабы менен тест-өнөктүктөрдү өткөрүп жатат. Анын жүрүшүндө туздагы йодду текшерүү жана айылдарда туз комитеттерин түзүү негизги максат болууда. Ысыккөл областындагы тест- өнөктүктүн жыйынтыгында, Балыкчы жана Каракол шаарларында йоддолгон тузду көбөйтүү боюнча туз комитеттери түзүлдү. Комитеттин иши 2 багытты көздөйт, биринчиси – үй-бүлөлүк медицина кызматкерлеринин күчү менен үй чарбаларын текшерүү, экинчиси – курамына ДГСЭН адистери, мэрия, ТОС өкүлдөрү жана базар башчылары кирген туз комитетинин өкүлдөрү тарабынан ири соода түйүндөрүнүн текшерилиши. Бул өнөктүктүн алкагында 30 адамдан турган ден соолукту чыңдоо кызматынын адистери, айылдык ден соолук комитеттеринин жетекчилери, ошондой эле ГСВ/ФАП адистери менен СКЗ мүчөлөрү окутулду. Окуудан 511 адам өттү. Айылдык калк тест-системаларды колдонуунун ыкмаларына үйрөндү. Ден соолукту чыңдоо кызматынын областтык машыктыруучулары жана ден соолукту чыйдоо кабинеттеринин адистери тарабынан айылдык ден соолук комитеттеринин ишин турукташтырууга багытталган бир катар иш-чаралар аткарылды. Ушул эле өнөктүктүн алкагында, йод жетишсиздигинин оорулары жөнүндө маалымат берүү боюнча аракет топторуна окуу өтүлдү



Үй кызматындагы аялдар тест-системанын жардамы менен туздагы йоддун камтылышын аныктап жатышат

## Балдардын келечеги үчүн

**Жайыл районундагы Бєксєжол (Сосновка) айылынын тургуну Г.Рыскулова.**

Башта азык-түлүк сатып алганда, анын эмнеден жасалганына эч деле көңүл бурчу эмес элек. Маселен, мен туз алганда ар качан баасынын арзанына карачумун. Жакында биздин айылдын аял-активисттери “Ой-Кайың” өкмөттүк эмес уюмунун демилгеси менен жыйын өткөрүп, анемия жана йод жетишсиздиги менен кантип күрөшүү жөнүндө лекция окушту. Ошондон кийин бардык балалуу аялдар йоддолгон туздун артыкчылыгы эмнеде экенин түшүнүп калышты. Йоддолгон туз менин балдарымдын акыл-эс жана дене-бой өсүшү үчүн пайдалуу болоорун мен да түшүндүм. Азыр жергиликтүү өндүрүшчүлөр чыгарган йоддолгон тузду гана сатып алам. Мен мындай пайдалуу лекцияны уюштургандарга абдан ыраазымын.



# Башка эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү

## Анемия менен күрөшүүнүн жаңы стартегиясы – “Спринклз”

**Кыргыз-Швейцариялык саламаттык сактоо реформасын колдоо долбоору, координатор Тобиас Шютт**

Нарын областынын Ат-Башы районунда Айылдык ден соолук комитеттери, ГСВ/ФАПтардын көмөгү астында анемия менен күрөшүүнүн жаңы “Спринклз” стратегиясы жүзөгө ашып жатат. “Спринклз” деген эмне? Бул микронутриенттерди (цинк, темир, С витамини жана фолий кислотасы) камтыган бир дозалуу баштыкчалар, аларга жытсыз жана даамсыз кургак порошок салынган “Спринклз” темир жетишсиздигинин анемиясы менен күрөштүн проблемаларын чечүүгө акыкч боло алат. Дүйнөлүк практикада “Спринклз” өзүнүн натыйжалуу экенин Бангладеш, Пакистан, Монголия, Гаити, Индия, Индонезия ж.б. өлкөлөрдө көрсөткөн. “Спринклздин” артыкчылыгы анын терс жана оору пайда кылуучу натыйжадарды бербестен, ашыкча дозасынын зыянсыз болгондугунда, жагымсыз темир даамын чыгарбастан, ашказан-ичеги сезгенүүсүн жаратпаганында, тишти да карартпай, жеген аштын даамы менен түсүн өзгөртпөгөнүндө. Эң башкысы – тамактануу практикасын өзгөртүү зарылдыгы болбойт, анткени, аны оңой эле аралаштырып, ар кандай үй тамагы менен кошо колдоно берсе болот, А,В, D+E, витаминдери, жез, йод ж.б. менен көп түрдүү аралашма жасоого ыңгайлуу. “Спринклздин” баштыкчалары пайдалуу жана сактоого жеңил да, ыңгайлуу да, аларды жумасына бир жолу колдонсо болот.

“Спринклз” өндүрүшү кыйла арзан, аны даярдоо үчүн кымбат технология талап кылынбайт, курамына организмге зарыл ар кандай микроэлементтер конкреттүү өлкөнүн керектөөсү жана тамак-аш үчүн берилген жолдомого жараша кошула бериши мүмкүн. Изилдөө жүргүзүү үчүн наристе куракгагы балдар (3500 бала) жана кош бойлуу, лактация абалындагы аялдардын (2000 аял) атайын топтору тандалып алынды. “Спринклзди” колдонуу менен биз жүргүзүп жаткан изилдөөнүн негизги милдеттери болуп: таасир этүүнкү аныктоо, тартылган топторго баа берүү, колдонуу эрежелерин сактоонун деңгээлин тактоо, экономикалык натыйжалуулук, жарамдуулугун, жер-жерлерде чыгаруу мүмкүндүгүн билүү эсептелет.




## ЮНИСЕФ программаны аткаруунун натыйжалуу экенин ырастайт.

БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) өкүлчүлүгү Кыргызстандагы йоддолгон туз жана байытылган ун рынокторунун абалына изилдөө жүргүздү. Изилдөөнүн негизги максаттарынын бири йоддолгон тузду керектөөнүн жана сатуунун, ошондой эле калктын маалымат алуу деңгээлин аныктоо болду. Кырдаалды маркетингдик талдоо йоддолгон тузду колдонуу Кыргызстандын жашоочулары үчүн демейдеги көрүнүш болуп калганын көрсөттү. Үй-бүлөлөрдүн 95,8%ы ошондой тузду сатып алышат




Кыргызстанда йоддолгон туздуу колдонуу

Йоддолгон тузду колдонуу калктын маалыматтуулугуна дал келет. Ушул изилдөөнүн жыйынтыгы микронутриент жетишсиздигин жоюу боюнча программанын бирин жүзөгө ашыруу натыйжалуу болгонун дагы бир жолу ырастады.

Кошумча маалымат алуу үчүн долбоордун координатору Артур Буюклянового кайрылыңыздар
Өлкөдөгү Долбоор офиси
Кыргыз Республикасы Бишкек, Фрунзе көчөсү, 535,5-кабат Санэпидкөзөмөл департаментинин имараты
Телефакс +996 312 660 768

**Кыргыз Республикасындагы жаңылыктар. “Татымдуу тамак-аш”**

Маалымат бюллетенин “Азия Өнүктүрүү банкынын JFPR 9052 Kyrgyzstan “ Борбордук Азия жана Монголияда тамак-аш азыктарын туруктуу фортификациялоо” долбоорунун өлкөдөгү долбоор офиси чыгарат. Бюллетень долбоордун алкагында микронутриент жетишсиздигинин маселелери боюнча маалыматтарды камтыйт. Калкты байытылган азыктар: йоддолгон туз жана байытылган ун менен камсыз кылууга байланышкан маселелерди кеңири жана ачык талкууга чыгарат.

**Биз Интернеттебиз:**

Борбордук Азия өлкөлөрү жана Монголиядагы маалыматтар жана акыркы жаңылыктар менен таанышуу үчүн Интернеттеги биздин сайтты ачыңыз: **www.caffproject.net**